**Жаш мугалимдер менен иштөө боюнча отурумдун**
**№1 протоколу**

20.09.2018-жыл
Чогулуштун төрагасы: Бердалиев Ч.Б.
Секретары: Жумабекова Н.Д.

Катышты-16
Катышкан жок -0

**Каралуучу маселе:**
1.Окуу программаларынын мазмуну, окуу процессин уюштуруу боюнча нормативдик актылар менен таанышуу (устав ,жобо)
2.Мектеп иш кагаздарын толтуруу жана ага коюлган талаптар (инструктаж)
3.Календардык –тематикалык пландарды даярдоо
4.Анкета алуу

**Угулду:**
1-маселе боюнча мектептин МИ боюнча директордун орун басары жаш мугалимдерге окуу процессин уюштурууга тиешелүү болгон нормативдик актылар менен ба. мектептин уставы жана жоболорго кенири токтолуп тааныштырды, б.а мектептеги ар бир иш мектептин уставына ылайык жана жоболордун негизинде жүргүзүлө тургандыгын түшүндүрүп айтып берди.
2-маселе боюнча мектептин ОТИ боюнча директордун орун басары Джунусбекова слайд менен иш кагаздарды толтуруу боюнча нускама менен тааныштырды.
3-маселе боюнча КТПдын жобосунун негизинде предметтин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлө тургандыгын жана ал кантип түзүлө турганы боюнча насаатчы мугалимдер жаш мугалимдерге айтып түшүндүрүп ,көрсөтмө беришти.
4-маселе: МИ боюнча директордун орун басары жаңы коллективге кошулган жаш мугалимдерден анкета алды.

**Чечим кылат:**
1.Ар бир жаш мугалимге мектептин уставы жана жоболордун негизинде иштөө милдеттендирилсин.
2. Иш кагаздар менен иштөөдө иш кагаздарды толтурууда коюлган талаптарды так аткарууга корсөтмө жана жардам берүү насаатчыларга милдеттендирилсин
3.КТПны насаатчы мугалим менен биргеликте түзүп белгиленген мөнөөттө тапшыруу үчүн жоопкерчилик насаатчылырга жүктөлсүн.
4. Анкетанын жыйынтыгы чыгарылсын жана анын сырын сактоо жоопкерчилиги МИ боюнча дир орун басарына тапшырылсын.
5. Жогорудагылардын аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Төрага : Бердалиев.Ч.Б,
Секретарь Жумабекова Н.Д.

**Жаш мугалимдер менен иштөө боюнча отурумдун**
**№2 протоколу**

25.10.2018-жыл
Чогулуштун төрагасы Бердалиев Ч.Б.
Секретары: Жумабекова Н.Д.
Катышты-14
Катышкан жок -2

**Каралуучу маселе:**

1.Жаңы муундагы стандарт деген эмне?
Окуу планы, окуу программасы, күндөлүк план.
2.Сабакка даярдык көрүү ,күндөлүк план боюнча кеңеш
3.Насаатчы мугалимдин кеңеши Сабактын максаттарын туура коюу
4.Практикалык иш Отчетко кантип даярдануу керек?

**Угулду.**

1-2-маселе боюнча МИ боюнча директордун орун басары Жумабекова Н,Д, жаш мугалимдерге мамлекеттик стандарт , окуу планы, окуупрограммасы жана күндөлүк план боюнча слайд менен кеңири түшүндүрүп берди.
3-маселе боюнча Сабакка даярдык көрүү,күндөлүк план боюнча насаатчы мугалимдер өз кеп кеңештерин айтышты.
Атаярова Т.К. сөзү.
Өз сөзүндө жаш мугалим созсүз түрдө күндөлүк планды жазуу керектигин белгиледи.План жаш мугалимге компас сыяктуу жардам бере тургандыгын айтты.
Асанова А.К.сөзү
Сабактын планын түзүүдө сабактын өзгөчө максатына көнүл буруу керектигин баса белгилөө менен сабакка 3 максатты окуучунун позициясында кантип коюу керетигин айтып түшүндүрүп берди.
Насаатчы мугалимдер өзүнүн шакирттерине түшүндүрүп беришти.
4-маселе боюнча практикалык иш өткөрүлдү .ОТИ боюнча директордун орун басары Джунусбекова отчетко кантип даярдануу керектиги боюнча кагаздар таратып берип ,жаш мугалимдердин толтуруусун сунуштады. Жаш мугалимдер насаатчы мугалимдер менен биргеликте таратып берилген иш кагаздарды толтурушту.

**Чечим кылат:**

1. Окуу процессин уюштуруудагы негизги өзөктүү нормативдик документтерди терең үйрөнүү боюнча жаш мугалимдерге милдеттендирилсин.
2.Сабактын күндөлүк планын кеңири толук жазып бекиттирүү боюнча системалуу иштер жүргүзүлсүн жана аны көзөмөлгө алуу МИ боюнча дир.орун басары Н.Д.Жумабековага жүктөлсүн.
3. Жаш мугалимдерге отчттүк иш кагаздарды жана кыйналган ,түшүнбөгөн учурларында насаатчы мугалимдер колдоо көрсөтүп жардам берүү жоопкерчилиги милдеттендирилсин.

Төрага : Бердалиев.Ч.Б,
Секретарь Жумабекова Н.Д.

**Жаш мугалимдер менен иштөө боюнча отурумдун**
**№3 протоколу**

15.11. 2018-жыл
Чогулуштун төрагасы Бердалиев Ч.Б.
Секретары: Жумабекова Н.Д.
Катышты-16
Катышкан жок -0
**Каралуучу маселе:**
Жаш адистер менен 3-сабак
1.Насаатчы мугалимдин кеңеши( класс жетекчи катары ишти уюштуруу)
2.Азыркы сабак кандай болуш керек? Сабактын типтери, формалары, структурасы.
3.Насаатчынын сабактарына катышуу.
**Угулду**:
1-маселе боюнча З.Т.Сыдыгалиева сөз суйлөдү.
Өз сөзүндө класс жетекчи катары жаш мугалимдер кантип иштөө керетигин айтып класс жетекчилик боюнча өзүнүн тажрыйбасын бөлүштү.
2-маселе боюнча МИ боюнча директордун орун басарын Н.Д.Жумабекова жаш мугалимдер менен биргеликте семинар –тренинг өткөрдү .
Өтүү ыкмасы топто иштөө
Мугалимдерди 3 топко бөлүп семинардан эмнени күтө тургандыгын суроо менен баштады.
1-топ тилчилер тобу.2-топ математиктер тобу 3-топ табыгый илимдер тобу насаатчы мугалим менен шакирти бирге отурушат.

3топко 3суроо берилип анын аныктамасын
насаатчылылар менен биргеликте чечмелеп айтуусун сунуштады .
1-топко Сабак деген эмне?
2-топко Сабактын типтери кандай?
3- топко Сабактын структурасы?
Бул суроолорго 3 топтон бирден чыгып презентация кылышты жана слайд аркылуу кеңири маалымат берилди.
Сабактын аныктамасы чечмеленгенден кийин сабактын типтери боюнча сабактын структуралары кандай боло тургандыгын слайд аркылуу кеңири маалымат берүү менен жаш мугалимдерге методикалык жардам катары таркатма материалды сунуштады.
Бул маалыматтар силердин сабактын планын түзүү үчүн методикалык колдонмо экендигин белгиледи.
3-маселе боюнча да жаш мугалимдер насаатчы мугалимдердин сабактарына сөзсүз катышуусу керектигин баса белгилеп , жаш мугалимдерден насаатчы мугалиминин сабагына канча жолу киргендигин сурады.

**Чечим кылат:**

1. Жаш мугалимдерге класс жетекчилик боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү насаатчы мугалимдерге жана ТИ боюнча директордун орун басары Ашыркуловага жүктөлсүн.
2. Сабактын күндөлүк пландарын түзүүдө, кыйналган жаш мугалимдерге жардам берүүсү насаатчыларга милдеттендирилсин.
3. Сабактын күндөлүк пландарын системалуу жазуусун көзөмөлгө алуу МИ боюнча дир отун басары Жумабекова Н.Дга жүктөлсүн.
4. Жаш мугалимдердин насаатчы мугалимдердин сабактарына катышуусу көзөмөлгө алынсын .

Төрага : Бердалиев.Ч.Б,
Секретарь Жумабекова Н.Д.